DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Осмоналиева Н.Ж., Джангельдиев Э.Э.*

# КАМКОРЧУЛУК (КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК) ЖАНА БАГУУЧУ ҮЙ-БҮЛӨ МАСЕЛЕЛЕРИН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ

*Осмоналиева Н.Ж., Джангельдиев Э.Э.*

# ПРАВОВОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ ВОПРОСОВ ОПЕКИ (ПОПЕЧИТЕЛЬСТВА) И ПРИЕМНОЙ СЕМЬИ

*N.Zh. Osmonalieva, E.E. Djangeldiev*

# LEGAL REGULATION OF ISSUES OF GUARDIANSHIP (GUARDIANSHIP) AND FOSTER FAMILY

*УДК: 347.635.1*

*Бул макалада Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды камкорчулукка, көзөмөлчүлүккө жана багуучу үй-бүлөгө жайгаштыруу маселелерине арналган. Автор Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү Кодекстин ченемдерин жаңылыктарын талдайт, анын ичинде ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарга камкорчу (көзөмөлчү) болуп дайындалбаган адамдардын чөйрөсүн; алдын ала, убактылуу, туруктуу камкорчулук жана көзөмөлчүлүктүн максатын; жашы жетпеген жарандардын ата-энелеринин арыздары боюнча, ошондой эле жашы жетпеген жарандардын өздөрүнүн арыздары боюнча аларга камкорчуларды жана көзөмөлчүлөрдү дайындоо мөөнөтүнө жана ошондой эле, мыйзамда "камкорчулук" жана "көзөмөлдүк" деген түшүнүктөрдүн так аныктамасы көрсөтүлбөнгөндүгүн белгилейт. Мындан тышкары каралган макалада багуучу үй-бүлөгө камкордук жана көзөмөлдүк кылуу формасы катары өзгөчө көңүл бурулган. Автор, багуучу үй-бүлөгө тарбиялоого балдарды жайланыштыруунун түрлөрүнө токтолгон жана мыйзамда багуучу үй-бүлөгө так аныктама берилген эместигин айткан.*

***Негизги сөздөр:** балдар, ата-энелер, камкорчулар, үй-бүлө, жашы жете электер, багып алуучу үй-бүлө, мыйзам, арыз.*

*В данной статье анализируются законы Кыргызской Республики, регулирующие вопросы устройства детей, оставшихся без попечения родителей, под опеку, попечительство и в приемные семьи. Автор рассматривает новеллы Кодекса КР о детях, в частности о лицах, которые не назначаются опекунами (попечителями) для детей, оставшиеся без попечения родителей; цели предварительной, временной, постоянной опеки и попечительства; сроки назначения им опекунов и попечителей по заявлениям родителей несовершеннолетних граждан, а также по заявлениям самих несовершеннолетних граждан, а также, отмечается что в законе отсутствует четкие определения понятий "опека" и "попечительство". Кроме того, в рассматриваемой статье особое внимание было уделено приемной семье как форме опеки и попечительства. Автор затронул виды устройства детей на воспитание в приемную семью и отметил, что в законе нет четкого определения приемной семьи.*

***Ключевые слова:** дети, родители, опекун, семья, несовершеннолетние, приемная семья, закон, заявление.*

*This article analyzes the laws of the Kyrgyz Republic regulating the placement of children left without parental care, under guardianship, guardianship and foster families. The author considers the novelties Of the code of the Kyrgyz Republic on children, in particular on persons who are not recognized as guardians (Trustees) for children left without parental care; the goals of preliminary, temporary, permanent guardianship and guardianship; the terms of appointment of guardians by the statements of the parents of minors, as well as the statements themselves minors, and noted that the law contains no clear definition of the terms "custody" and "guardianship". In addition, in the article under consideration, special attention was paid to the foster family as a form of guardianship and guardianship. The author touched upon the types of placement of children in foster care and noted that the law does not clearly define a foster family.*

***Key words:** children, parents, guardian, family, minors, foster family, law, application.*

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү Кодексинин 43-беренесине ылайык "Ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үй-бүлөгө тарбиялоого (асырап алууга), камкорчулукка (көзөмөлчүлүккө) же багуучу үй-бүлөгө), ал эми мындай мүмкүнчүлүктөр жок болгондо - жетим балдардын же ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн бардык типтеги (тарбиялоо мекемелери, калкты социалдык жактан коргоо мекемелери, дарылоо мекемелери жана ушуга окшогон башка мекемелер) мекемелерге өткөрүп берилүүгө жатат" [1].

Жетимдердин көйгөйлөрү биздин өлкөдө өтө олуттуу жана татаал маселелердин бири болуп саналат. Тилеке каршы көрүлгөн чараларга карабастан "жетим" балдардын статусун алган балдардын саны

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жыл сайын көбөйүүдө. Жетим балдар менен кошо "социалдык жетимчилик" деген түшүнүк пайда болгон. Буга мисал, Кыргызстандын аймагында 2020-жылы 9 783 жашы жете элек бала балдарды тарбиялоочу мекемелерде жашаганы маалым болгон [2]. Ал эми Юнисеф уюмунун маалыматына ылайык 94% балдар үйүндө жашаган жашы жете элек балдардын ата-энеси бар экендигин билдиришкен [3]. Чет өлкөлөрдөн Кыргызстандын мигранттары калтырган балдардын саны 2019-жылы 21 [4], ал эми 2018-жылы 96 баланы Кыргызстанга башка чет мамлекеттерден алып келишкен [5]. 2019-жылы 200 баланы кыргызстандыктар асырап алышкан, 7 баланы чет элдик жарандар [6]. Бул көрсөткүч башка жылдарга караганда эң эле төмөн, мисалы 2014-жылы 923 бала [7], 2018-жылы 807 [8].

Баланын укугу тууралуу Конвенция баланын инсандык касиеттерин толук жана гармониялуу өнүктүрүү үчүн аны үй-бүлөлүк чөйрөдө өстүрүү керектигин белгилейт [9]. Үй-бүлөдө жашоо жана тарбиялануу укугу баланын негизги укуктарынын катарына кирет жана бул укукту артыкчылыктуу камсыз кылуу Кыргыз Республикасы үчүн Конвенциянын катышуучу-өлкөлөрү үчүн да милдеттүү болуп эсептелет.

КР ҮК 59-беренесинин 2-пунктуна ылайык "ар бир бала үй-бүлөдө жашоого жана тарбияланууга укуктуу" [10]. Бирок мындай мүмкүнчүлүк дайыма эле бардык балдарга берилген эмес, анткени ата-энеси өлүп калышы, ата-энелик укуктарынан ажыратылышы же чектелиши, же болбосо дайынсыз жологуп кетүүсү дагы мүмкүн, ал эми мындай кырдаалда бала ата-энесинин камкордугусуз калат, алардын функциялары мамлекетке өткөрүлүп берилет.

Бала ата-энесинин көзөмөлчүлүгүнөн арыжаганда, ал мамлекеттин колдоосуна муктаж экендиги эч кимге жашыруун эмес. Мамлекет ата-энелеринин камкорчулугунан ажыраган балдарды колдоо, ал балдарды коргоого жана уюштурууга бардык мүмкүн болгон ыкмалар менен аракет кылат. Тилекке каршы, мамлекет балдардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн бардык күч аракетин жумшаган күндө дагы, алар жетишсиз, себеби бала үй-бүлөдө жашаганда гана бардык муктаждыктары орундалат. Ошондуктан, биздин пикирибизде мыйзамдарга маанилүү өзгөрүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү зарылдыгы келип чыгат.

Ата-эненин камкордугунан ажыраган балдар тууралуу сөз баштаардан мурда ата-эненин камкордугунан ажыраган балдардын өзүнө мүнөздөмө берүү зарыл. КР Балдар жөнүндөгү Кодексинде мындай деп жазылган "ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар - алардын өлүмүнө байланыштуу, жалгыз же ата-энесинин экөөнүн тең ата-энелик камкордугунан ажыраган, ошондой эле эгерде ата-энелери белгисиз (жетим балдар), аларды ата-энелик укуктарынан ажыратылганына же алардын ата-энелик укуктары чектелгенине, ата-энелерин дайынсыз жоголду, жөндөмсүз (чектелүү жөндөмдүү) деп таанылганына, алардын дарылоо мекемелеринде жүргөнүнө, алар эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөп жатканына, алардын камакта кармоо жайларында отурганына, ата-энелеринин балдарын тарбиялоо, алардын укуктарын жана таламдарын коргоодо ата-энелеринин дарылоо мекемелеринен, калкты социалдык коргоо мекемелеринен жана башка ага окшогон мекемелерден алуудан баш тартуусуна байланыштуу, жана мыйзамда белгиленген тартипте баланы ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган деп таанылган башка учурлардагы 18 -жашка чейинки курактагы адамдар" (5-бер.).

Жогоруда каралган учурларда КР Балдар жөнүндөгү кодексине ылайык "баланын укуктарын жана таламдарын коргоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга жана балдардын таламдарында аракеттенген Балдар иштери боюнча комиссияга жүктөлөт" (40-бер) жана айтылган фактылар белгилүү бир документтер менен тастыкталышы керек, мисалы: өлүм тууралуу күбөлүк, соттун чечими жана баш тартуу тууралуу арыз.

Балдар жөнүндө Кодекстин 41-беренесине ылайык "балдар жөнүндө маалыматтардан кабардар мекемелердин (билим берүү мекемелеринин, дарылоо мекемелеринин, социалдык коргоо мекемелеринин, убактылуу болуучу мекемелердин) кызмат адамдары жана башка жарандар бул тууралуу иш жүзүндө турган жайы боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга билдирүүгө милдеттүү". Мындай маалыматты алгандан кийин, он күндүн ичинде, бул маселеге объективдүү баа берилип, орган өзүнүн чечимин чыгарат, баланын ата-энеси бар же жок деген. Бул чечимдин негизинде баланын кийинки тагдыры чечилет, чечим чыккан күндөн баштап мөөнөт башталат. Баланын укуктарын коргоо боюнча аймактык ыйгарым укуктуу органдар бала ата-энесинин камкордугусуз калган датаны аныкташат. Бул дата баланын андан аркы тагдырын чечүү үчүн зарыл.

Балдарды жайгаштырууда эң ыңгайлуу болуп аны үй-бүлөдө калтыруу каралат, бирок кээ бир учурларда ата-эненин өз балдарын тарбиялоодон баш тартуусу менен, алар ата-энелик укуктардан четтетилет же ата-энелик укуктан ажыратылат. Мындай нерсенин кесепетинен "ата-энелеринин көзөмөлчүүгүсүз калган балдар үй-бүлөгө тарбиялоого (асырап

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



алууга), камкорчулукка (көзөмөлчүлүккө) же багуучу үй-бүлөгө), ал эми мындай мүмкүнчүлүктөр жок болгондо - жетим балдардын же ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн бардык типтеги (тарбиялоо мекемелери, калкты социалдык жактан коргоо мекемелери, дарылоо мекемелери жана ушуга окшогон башка мекемелер) мекемелерге өткөрүп берилүүгө жатат" (КР Балдар жөнүндө Кодекс 43-бер.).

**Балдарга камкорчулук жана көзөмөлчүлүк институту** ата-энесинен ажыраган балдардын жайгаштыруунун эң жайылган формасы болуп эсептелет**.** Балдарды багып, тарбиялап, билим берип, укуктары менен таламдарын коргоо үчүн, алардын үстүнөн камкорчуну жана көзөмөлчүнү дайындашат (1-п. 67-бер.) Камкорчулук 14 жашка чейинкилерге дайындалса (2-п.), көзөмөлчүлүк 14 төн 18 жашка чейинкилер белгиленет (3-п.67-бер.). Балдардын камкорчусу жана көзөмөлчүсү болуп 18-жашка чыккан, акыл ээси жайында жана баладан 16-жаш чоң болгон адамдар дайындалышы мүмкүн (68-бер.) (КР Балдар жөнүндөгү Кодекси).

Ал эми "камкорчу менен баланын ортосундагы курактын айырмасы 16 жаштан кем болушу мүмкүн эмес" (1-п. 68-бер.).

Камкорчу (көзөмөлчү) болуп дайындалбаган адамдардын чөйрөсү мурдагы мыйзамга карата кеңейген, мисалы, "Оюн азгырыгы" менен жабыркаган же кумар оюндарына көз каранды адамдар", "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген оорулардын тизмегине ылайык ден соолугунун абалы боюнча баланы тарбиялоо боюнча милдеттерин жүзөгө ашыра албаган адамдар" (3-п. 68-ст.) Алдын ала камкорчулук жана көзөмөлчүлүк (75-ст. КР Балдар жөнүндөгү Кодекси). Камкордуктун бул түрүнүн маңызы, баланы үй-бүлөдөн баш тарткан же анын ата-энеси укуктарынан ажыратылган учурда камкорчу же көзөмөлчү 6 айлык мөөнөткө дайындалат. Убактылуу камкорчулар бардык укуктарга жана милдеттерге ээ, бирок, эгерде 6 айдын ичинде убактылуу камкордук көрүү туруктуу камкордукка алууга өтпөсө, анда алдын ала көзөмөлдүк кылуу жана камкордук токтотулат.

Балдар жөнүндөгү Кодекстин жаңылыгы болуп ата-энелер өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү чектелген учурда ыйгарым укуктуу органдарга балдардын укуктарын коргоо боюнча дайындоо жөнүндө арыз менен алардын баласына камкорчуну же көзөмөлчүнү, белгилүү бир мезгилге, ага жүйөлүү себептер боюнча алар тарбиялаганга мүмкүн эмес учурда кайрылышат (76-бер.). Мындан тышкары Кодексте камкорчулукка алынгандардын мүлкүн башкаруу тартиби белгиленген (77-бер.).

Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк институтун укуктук жөнгө салуусу КР Үй-бүлө Кодексинде жана КР балдар жөнүндө кодексинде каралат, бирок, аталган мыйзамдарда "камкорчулук" жана "көзөмөлдүк" деген түшүнүктөрдүн так аныктамасы берилген эмес. Бул мыйзамдарга таянсак алар, айтылгандардын бардыгы аракетке жөндөмсүз же толук эмес аракетке жөндөмдүү жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо максатында белгиленет. Ошондуктан, төмөнкү түшүнүктөрдү мыйзам боюнча бекемдөө зарыл:

• *камкорчулук - он төрт жашка жашы жете электерди жайгаштыруу формасы, мында балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүн корутундусу боюнча сот тарабынан дайындалган жарандар (камкорчулар) камкорчулукка алынгандардын мыйзамдуу өкүлдөрү деп эсептелинишип, алардын баардык мыйзамда көрсөтүлгөн кызыкчылыктарын жана манилүү иш-аракеттерин жүргүзүшөт;*

• *көзөмөлчүлүк – он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки жашы жете электерди жайгаштыруу формасы, мында балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын корутундусу боюнча сот тарабынан дайындалган жарандар (көзөмөлчүлөр) көзөмөлчүкө алынгандардын мыйзамдуу өкүлдөрү деп эсептелинишип, алардын мыйзам чегинде жүргүзгөн иш-аракеттерине макулдугун беришет.*

**Багуучу үй-бүлө** ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо формаларынын бири болуп эсептелет.

Мисалы, 2012-жылдан тартып Кыргызстан боюнча 67 фостердик үй-бүлө жана 157 бала убактылуу тарбиялануууга берилген. Учурда 25 үй-бүлө иштеп жатат, 46 бала тарбияланат. Айына бир балага 6 миң сом жана тарбиялаган үй-бүлөгө 6 миң сом мамлекеттен сарпталат. 2018-жылы балдарды өз үй-бүлөсүнө тарбиялоону 211 үй-бүлө билдирген, алардын ичинен 132 гана үй-бүлө сертификатка татыктуу болушкан [11]. Мындай багуучу үй-бүлөлөргө тарбиялануууга 3 балага чейин алынышы каралып, жалпы үй-бүлөдө балдардын саны 5 тен көп болбошу жана алардын жашы 16 ашпашы зарыл экендиги мыйзамда белгиленет (1-ст. 4-п.) [12]. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодексине ылайык, "Багуучу үй-бүлө жарандардын (жубайлардын же айрым адамдын) каалоосу боюнча түзүлөт. Алар жетим балдарды жана ата-энелеринин көзөмөлсүз калган балдарды, анын ичинде келишимдин негизинде тарбиялануучу мекемелерде, дарылануучу мекемелерде, калкты социалдык коргоо

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



мекемелеринде же ошолорго окшош башка мекемелердеги балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо жана чогуу жашап туруу үчүн өз ыктыяры менен алышат" (80-бер.).

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексте жана багуучу (фостердик) үй-бүлө жөнүндө жободо багуучу үй-бүлөнүн аныктамасы берилген эмес. Бирок бул сөз айкалыш мыйзамдарда өтө көп кездешет, ошого байланыштуу анын аныктамасын мыйзамга киргизүүнү сунуштайбыз.

*Багып алуучу үй-бүлөгө – бул жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды үй-бүлөдө тарбиялоого алууну каалаган жубайлардын же айрым жарандардын ортосунда балдар боюнча комиссиянын макулдугу боюнча түзүлгөн келишимдин негизинде эмгегине акы төлөнүүчү, ыктыярдуу, убактылуу, кесиптик, үй-бүлөлүк жайлаштыруунун формасы.* Ыктыярдуу деп төмөнкүлөр түшүнүлөт: багуучу ата-эне өзүнүн каалоосу менен багуучу үй-бүлөнү түзөт; убактылуу, баланы бир отоло орноштурганга чейин; кесиптик, багуучу ата-энелер атайын окуудан өтүшөт.

Багып алуучу (фостердик) үй-бүлө жөнүндө Жобого ылайык, "Балдарды багып алуучу үй-бүлөгө тарбиялоого жайгаштыруунун түрлөрү: шашылыш жайлаштыруу – эгерде бала коркунучта турса же ата-энеси тарабынан таштаган (калтырылган) учурда бир нече сааттан бир суткага чейинки мөөнөткө; кыска мөөнөттүү жайлаштыруу-бир айга чейинки мөөнөткө; орто мөөнөттүү жайлаштыруу-алты айга чейинки мөөнөткө; узак мөөнөттүү жайлаштыруу-алты айдан ашык мөөнөткө; мезгилдүү жайлаштыруу – бир нече күнгө, дем алыш күндөрү, каникулда" [12].

Багуучу үй-бүлө менен балдардын ортосунда эч кандай мыйзам тараптан белгиленген укуктук мамилелер пайда болбойт. Бала мыйзамда көрсөтүлгөн бардык укуктарга ээ, мисалы, алимент, жөлөк пул, пенсия жана башка социалдык жактан каралган бардык жеңилдиктерге, ошондой эле турак-жайга болгон менчике, башкача айтканда мурдагы жашаган турак-жайды пайдалануу укугу сакталат, ал эми турак-жайы болбогон учурда, аны мамлекеттен берилүүсү каралган (КР Балдар жөнүндө Кодекс 80-бер.).

Багып алуучу (фостердик) үй-бүлө жөнүндөгү жобонун 2-беренесинин 8-пунктуна ылайык, багып алуучу үй-бүлөгө төмөнкү балдар берилет: "жетим-балдар; ата-энеси ата-энелик укуктан ажыратылган, ата-энелик укугу чектелген, сот тартибинде аракетке жөндөмсүз, дайынсыз жок деп таанылган, соттолгон балдар; балдардын жашоо-турмушуна, психикалык жана дене бой жагынан ден соолугуна коркунуч келген үй-бүлөлөрдөн шашылыш түрдө алынган балдар (дене бой, сексуалдык жана психологиялык зомбулукка кабылган балдар); ата-энеси ден соолугу боюнча өзү тарбия берип, бага албаган балдар, ошондой эле ата-энесинин камкордугусуз калган, тарбия берүүчү, дарылоо - алдын алуучу мекемелердеги, калкты социалдык коргоо мекемелериндеги же башка ушул сыяктуу мекемелердеги балдар; 18 - жашка чыга элек энеси менен бирге болгон 3 жашка чейинки балдар; ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар".

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодекстин 83-беренесине ылайык "30 жашка чыккан, бирок 65 жаштан жогору эмес, баалоодон, окуудан, тандоодон өтүшкөн жана балдардын иштери боюнча комиссия тарабынан жактырылган, багуучу ата-эне болууга мүмкүнчүлүгү бар экендиги жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын корутундусун алышкан, төмөндөгүлөрдү кошпогондо, Кыргыз Республикасынын жараны багуучу ата-энелер (ата-эне) боло алышат: 1) сот тарабынан аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелүү деп таанылган адамдар; 2) сот тарабынан ата-энелик укуктарынан ажыраган же сот тарабынан ата-энелик укуктары чектелген адамдар; 3) мыйзам тарабынан ага жүктөлгөн милдеттерди тиешелүү деңгээлде аткарбагандыгы үчүн камкорчунун (көзөмөлчүнүн) милдеттеринен четтетилген адамдар; 4) эгерде сот тарабынан анын күнөөсү боюнча асырап алуучулук четке кагылса, мурдагы асырап алуучулар; 5) ден соолугунун абалы боюнча баланы тарбиялоо боюнча милдеттерин жүзөгө ашыра албаган адамдар; 6) биологиялык ата-энелер; 7) жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна каршы атайылап кылмыш жасаганы үчүн соттолгондугу бар адамдар; 8) белгиленген санитардык-техникалык талаптарга жооп берген туруктуу жашаган жери, ошондой эле турак жайы жок адамдар; 9) багуучу үй-бүлөнүн тарбиялоосуна баланы берүү жөнүндө келишимдин бузулушуна күнөөлүү адамдар; 10) майып балдардын туугандарын кошпогондо, багуучу үй-бүлөнүн тарбиялоосуна берилүүчү балага туугандыкта турган адамдар; 11) жарандыгы жок адамдар жана чет өлкөлүк жарандар".

Багып алуучу ата-эне болууну каалаган жаран райондук/шаардык социалдык өнүгүү башкармалыгына кайрылат жана төмөнкү документтерди берет: арыз; паспортун көчүрмөсү; нике күбөлүк (эгерде расмий никеде катталышса; экинчи жубайынын макулдугу (нотариалдык жактан тастыкталган); үй-бүлөсүнүн курамы жөнүндө маалымат; турак жайга байланыштуу баардык документтердин көчүрмөсү жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



тиешелүү органдардан алынган маалымкаттар; багып алуучулардын баардык үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугуна байланыштуу маалым каттар; мындан тышкары, иштеген жана жашаган жеринен мүнөздөмөнү көрсөтүү; өмүр баян; кепилдик берүүчүлөр тарабынан үчтөн кем эмес жазуу жүзүндө сунуштар (багып алуучулар менен эч кандай мамиледе болбошу талап кылынат); багып алуучу ата-энелердин атайын окуудан өткөн деген маалыматты же сертификатты тапшырышат (16-бер.) [12] (окууну Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министирлиги же КР Өкмөтү белгилеген тартипте уюштурулуп өткөрүлөт жана окутуудан өткөндүгү жөнүндө сертификатты алгандан кийин аймактык бөлүмдөр багып алуучу ата-эне болуу мүмкүндүгү жөнүндө корутундуну даярдашат) [13].

Бардык документтер түшкөндөн кийин атайын органдар бул жарандардын баардын шартарын текшерип чыгып, тиешелүү акт чыгарат.

Ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды жайлаштыруунун тартибин укуктук жөнгө салуу азыркы күндө дагы актуалдуулун жоготпой келет. Ар кандай себептер менен балдар өз ата-энелеринен ажырап жана баардык эле учурда мыйзамда көрсөтүлгөндөй балдар үй-бүлөөдө тарбия ала алышпайт. Мисалы, асырап алууга баардык бала берилбейт, камкорчулар менен көзөмөлчүлөрдүн саны дагы арбын эмес, багып алуучу үй-бүлө чектелген санда гана балдарды ала алышат жана мындай үй-бүлөнүн саны балдардын санына караганда өтө эле аз.

**Адабияттар:**


1. Кодекс Кыргызской Республик о детях от 10 июля 2012-года.- №100
2. http://kg.akipress.org/news:1602251
3. https://knews.kg/2017/06/02/v-kyrgyzstane-bolee-8-000-detej-zhivut-v-internatnyh-uchrezhdeniyah/
4. http://kg.akipress.org/news:1598715
5. https://kg.akipress.org/news:1488325
6. https://today.kg/news/163022/?hl=ru
7. https://24.kg/archive/ru/community/188166-v-kyrgyzstane-za-8-mesyacev-2014-goda-usynovili.html/
8. https://for.kg/news-623569-ru.html
9. Конвенция о правах ребенка" (одобрена Генеральной Ассамблеей ООН 20.11.1989)
10. Семейный кодекс КР от 30 августа 2003 года. -№201.
11. http://kg.akipress.org/news:1573936/?from=kgnews&place=search&sth=cefcc387b993334a19ade656533fd69f
12. Положение о приемной (фостерной) семье 1 октября 2012 года №670.
13. https://mlsp.gov.kg/informatsiya-o-priemnoj-seme/